Бекитем

Мектеп жетекчиси _______ Кушубакова Э.А.

“01” ______ 2020-жыл

**№ 8 жалпы орто билим берүүчү мектебинин окуучусунун**

**этикалык кодекси**

1.Мектеп окуучусу мугалим менен жолукканда учурашуусу абзел.

2.Мектеп окуучулар кире бериштен улуулар же мугалимдер менен кезигип калса аларга жол бошотуусу абзел.

3.Мектепте окуучулар кызматтык стилде кийинүүсү милдеттүү. Мектепте окуучу кыздар косметикалык каражаттарды колдонуусуна тыюу салынат.

4.Ашканага сырт кийимсиз кийрүү керек. Тамактануудан кийин идиш-аякты өздөрү жыйнашат.

5.Класска мугалим кирип келгенде окуучулар ордунан туруп саламдашышат. Ошондой эле улуу адамдар кирген учурда да ушундай шартта учурашышат.

6.Сабак учурунда ызы-чуу салганга, өзгөлөргө тоскоолдук жаратуусуна, өзүнүн ар нерсеге алагды болууга о.э. сабакка тиешеси жок оюндар менен ойноп сабакка тоскоолдук жаратуусуна тыюу салынат.

7.Окуучу мугалим талап кылган күндөлүктү көрсөтүүгө милдеттүү.

8.Сабак учурунда мугалимдин же медайымдын уруксаатысыз мектептен кетип калууга болбойт.

9.Окуучулар мектептин жана башкалардын буюмдарына аяр мамиле жасоосу керек.

10.Танапис учурунда чуркап, тартышып, түртүшүп кыйкырууга болбойт. Бул ден-соолукка жана өмүргө зыян келтирет.

11.Оозго алгыс уят сөздөрдү айтууга, окуучу мугалим менен кайым айтышууга жол берилбейт. Мугалимдер жана башкалар мектепте иштеген кызматкерлер менен сылык мамиледе болуусу шарт.

12.Окуучу өзүнүн пикир келишпөөсүн, ой-пикирин башкалар менен макул эместигин билдирүүсү мүмкүн, бирок алардын көз карашын цивилизациялык жол менен чечүү керек. Окуучулар жалган маалымат таратууда жоопко тартылат.

13.Жоголгон жана таап алган буюмдар болсо администраторго, кароолчуга же нөөмөтчүгө, мугалимге тапшыруу милдеттүү.

Сканировано с CamScanner